КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

01.10.2025г. № 688 Бишкек ш.

# Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинде коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилине I этап үчүн) 4-главасынын 10-пунктуна ылайык **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинде коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин кызматтарынын, башкы башкармалыктарынын, башкармалыктарынын, өз алдынча бөлүмдөрүнүн, окуу жайларынын башчылары, Ички аскерлеринин колбашчысы, АБПнын командири, Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун ИИББнын, облустардын жана Ош шаарынын ИИБдин башчылары:

- ушул буйрук менен бекитилген Жобонун талаптарынын өздүк курам тарабынан окуп-үйрөнүүсүн жана бөлүктүн жетекчилери тарабынан сакталышын уюштурушсун;
- ушул буйрук менен бекитилген Жобонун талаптарынын өз убагында аткарылышын жеке көзөмөлдөрүнө алышсын;

3. Ушул буйруктун талаптарынын жеткиликтүү аткарылышына жоопкерчилик 2-пунктта көрсөтүлгөн жетекчилерге жүктөлсүн.

4. Ушул буйруктун талаптарынын аткарылышын контролдоо кураторлук жүргүзгөн багыттары боюнча Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин биринчи орун басарына жана орун басарларына жүктөлсүн.

5. Буйрук Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын жана ИИМдин Ички аскерлеринин бардык өздүк курамына жарыялансын.

**Министр**
**милициянын генерал-лейтенанты** **У.О. Ниязбеков**